

# МУЗЫКА




| | | |
|---|---|---|
| I БӨЛҮМ. | ПРЕДМЕТИНИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАМИЛЕЛЕРИ | |
| II БӨЛҮМ. | ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР | |
| III БӨЛҮМ. | МАЗМУНДУК БАГЫТТАР | |
| IV БӨЛҮМ. | ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ | |
| V БӨЛҮМ. | ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО | |
| VI БӨЛҮМ. | ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР | |
| VII БӨЛҮМ | БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ ЧӨЙРӨНҮ ТҮЗҮҮ | |



**Предметтин максаты** – окуучулардын улуттук баалулуктарга, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө негизделген музыкалык-эстетикалык, салттуу маданиятты кабылдоосун жана жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык чыгармачылык жөндөмдөрүн калыптандыруу болуп саналат.

**Предметтин милдеттери** төмөндөгүчө аныкталат:

1. **Билим берүүчүлүк милдеттер** – музыкалык билим, тарбия берүүнүн күтүлүүчү натыйжасын камсыздаган билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө жана функционалдык сабаттуулукка ээ болуусун үйрөтүү.
2. **Тарбиялык милдеттер** – окуучунун жаш курагына ылайык музыкалык чыгармалардын негизинде улуттук баалуулуктарга, маданиятка жана адеп-ахлакка, болгон сый-урматты калыптандыруу жана адам (инсан) катары тарбиялоо.
3. **Өнүктүрүүчү милдеттер** – улуттук музыкалык искусствонун баалуулугун таануу, ага кызыгууну, улуттук маданият, чыгармачыл ой жүгүртүү, ыргактык сезим, сулуулукту элестетүү жактан өнүгүүгө негизделген окуучунун музыкалык-эстетикалык мадданиятын калыптандыруу.




## ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

**Предметти окутуунун жыйынтыгынын натыйжасы, төмөнкү үч багыттагы предметтик компетенттүүлүктөр менен такталат. Алар:**


1. **Аткаруучулук компетенттүүлүгү – о**куучулар хор/жекече ырдаганды жана жөнөкөй музыкалык аспаптарда ойногонду, музыканы/обонду туура аткарууну, музыканын фонунда ыргак менен текст/монолог, декламация айтканга, музыкалык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусун билдирет.
2. **Эмоционалдык-образдуулук компетенттүүлүгү – о**куучулар сезимдерин музыка аркылуу билдирүүгө жана музыка берген эмоцияларды түшүнүүгө аракеттенүүсүн билдирет.
3. **Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүк** – окуучулар музыканын сулуулук сезимин өрчүтүп, ар кандай музыкалык ыргактарды, формаларды, стилдерди жана чыгармачыл идеяларды баалоосун билдирет.

# МАЗМУНДУК БАГЫТТАР

1. **Музыкалык тил жана таасирдүү көркөм каражаттар** – окутуунун алгачкы этаптарында нота, ыргак, обондун элементтери сыяктуу музыкалык теориянын негиздерин өздөштүрүүгө басым жасалат. Окуучулар негизги музыкалык символдорду таанып, угуу сезимин өрчүтүшөт жана музыкалык фразаларды чечмелөө жөндөмүн өрчүтүшөт.
2. **Практикалык аткаруу жана аткаруучулук көндүмдөрүн өнүктүрүү** – окуучулар ар кандай музыкалык аспаптарда (мисалы, комуз, добул бас, фортепиано (окуучулар үчүн), урма аспаптар, элдик урма аспаптар ж.б.), ошондой эле хор /жекече ырдоолорго активдүү катышышат. Бул моторикасын, координациясын жана команданын өз ара аракеттенүүсүн жана өз жөндөмүнө болгон ишенимин өркүндөтөт.




1. **Ар кандай ыргактарды, жанрларды, стилдерди жана салттуу маданиятты үйрөнүү** – окутуу улуттук элдик, классикалык музыка, ар кандай этностордун элдик ырлары, заманбап музыкалык багыттар менен таанышууну камтыйт. Кыргызстандын жана дүйнөнүн маданий ар түрдүүлүгүнө басым жасалып, толеранттуулукту жана маданияттар аралык түшүнүктү өркүндөтөт.
2. **Угуу жөндөмүн жана эстетикалык кабылдоону өнүктүрүү** – окуучулар музыканы кунт коюп угууну, анын түзүлүшүн жана эмоционалдык билдирүүсүн талдоону үйрөнүшөт. Бул тенденциянын алкагында сынчыл ой жүгүртүү жана уккан чыгармалар боюнча өз таасирлерин билдирүү жөндөмү өнүгөт.




**Музыка сабагында баалоонун негизги аспектилерине төмөнкүлөр кирет:**

1. ***Формативдик баалоо*** – окуу процессинде жүргүзүлөт жана окуучулардын прогрессине дайыма көз салууга багытталган. Бул учурда оозеки комментарийлер, аткаруу байкоолору, өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо колдонулат. Мындай мамиле мугалимдерге сабактын методдорун жана мазмунун өз убагында оңдоп — түзөөгө, ал эми окуучуларга алардын жетишкендиктерин жана жакшыртуу багыттарын билүүгө жардам берет.

2. ***Суммативдик баалоо*** – окутуунун белгилүү бир этабы аяктагандан кийин жүргүзүлөт (мисалы, тема же бөлүм изилденгенден кийин). Анын алкагында тесттер, тесттик тапшырмалар колдонулушу мүмкүн, бул программанын конкреттүү аспектилери боюнча билимди, билгичтикти жана көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет.





3. ***Диагностикалык баалоо*** – жаңы материалды үйрөнүүдөн мурун окуучулардын музыкалык жөндөмдүүлүгүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо үчүн же зарыл болсо, ар бир окуучунун индивидуалдуулугун аныктоо үчүн колдонулат.

4. ***Баалоо критерийлери*** – аткаруучулук чеберчиликти билүү (интонациянын тазалыгы, ыргактык тактык), нотаны окуй билүү, сабакка активдүү катышуу, чыгармачыл демилгелер жана музыканы эмоционалдык кабыл алуу кирет.

5. ***Баалоо формалары*** - ар түрдүү: оозеки сүйлөшүүлөр, байкоолор, окуучулардын жумушунун портфолиосу, өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо, жетишкендиктерди объективдүү талдоо үчүн атайын баалоо таблицаларын колдонуу.



## Окуучулардын жетишкендиктериннен күтүлүүчү натыйжалар.

| Предметтин милдеттери | Күтүлүүчү натыйжалар | Баалоо предмети | Баалоо методдору |
|---|---|---|---|
| **Билим берүүчүлүк – музыкалык билимге, билгичтикке, көндүмгө жана функционалдык сабаттуулукка ээ болуу.** | Музыкалык билим, тарбиягы өбөлгө түзүүчү билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болуусу; Функционалдык сабаттуулуктун калыптануусуна ээ болуусу. | Музыкалык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу деңгээли; Билим берүү жана тарбиялоо процессинде колдонуу деңгээли. | Музыкалык-педагогикалык байкоо; Практикалык тапшырмалардын (хор/жеке таза, так ырдоосу, ыргак) көндүмдөрдүн аткарылышын байкоо; Чыгармачыл иштерин талдоо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Тарбия берүүчүлүк – музыка аркылуу улуттук баалуулуктар-ды, маданиятты жана адеп-ахлакты сыйлоо сапаттарга ээ болуу. | Улуттук музыкалык баалуулуктар-га, маданиятка ээ болуусу; Музыкалык чыгармалардагы адеп-ахлакты сыйлоосунун өнүгүүсү, инсандык калыптанууга ээ болуусу.. | Улуттук музыкалык баалуулуктар-ды сыйлоо, урматоо жана инсандык сапаттарды көрсөтүү деңгээли. | Музыкалык-педагогикалык байкоо; Улуттук музыкалык баалуулуктар-га урмат-сый, байкоо; Чыгармачыл иштерди талдоо, баарлашуу, ой жүгүртүү. багыт берүү. |


| Предметтин милдеттери | Күтүлүүчү натыйжалар | Баалоо предмети | Баалоо методдору |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **Тарбия берүүчүлүк – музыка аркылуу улуттук баалуулуктарды, маданиятты жана адеп-ахлакты сыйлоо сапаттарга ээ болуу.** | Улуттук музыкалык баалуулуктарга, маданиятка ээ болуусу; Музыкалык чыгармалардагы адеп-ахлакты сыйлоосунун өнүгүүсү, инсандык калыптанууга ээ болуусу.. | Улуттук музыкалык баалуулуктарды сыйлоо, урматоо жана инсандык сапаттарды көрсөтүү деңгээли. | Музыкалык-педагогикалык байкоо; Улуттук музыкалык баалуулуктарга урмат-сый, байкоо; Чыгармачыл иштерди талдоо, баарлашуу, ой жүгүртүү. багыт берүү. |

# МУЗЫКА
## предмети боюнча жалпы билим берүүчү уюмдардын I-II класстары үчүн окуу программасы

**1-класста** «Музыкалык дүйнөгө саякат» деген жалпы жылдык тема коюлуп, анын мазмуну жана максаты төмөнкү багыттарда берилди:

**1-чейрек**: «Мектебим, мекеним музыкада жана таңды жаратуу». Темалар: – Музыка эмне? Музыканын түрлөрү (ыр, музыка, ыргак); – Музыкалык үндөр менен таанышуу (бийик, төмөн, узун, кыска); – Ыргактык көнүгүүлөр (кол чабуу, тамашалоо, дене кыймылдары менен ритмди түшүнүү); – "Танды жаратуу" оюну (ар кандай музыкага карата кыймылдарды түзүү).

**Күтүлгөн натыйжа**: Окуучулар музыканын негизин түшүнүп, ыргакты сезип, кыймыл аркылуу музыканы билдире алышат.



**2-чейрек:** "Үн менен ойно" Темалар: – Кыргыз улуттук музыкалык аспаптары менен таанышуу (добуш, үнүнүн өзгөчөлүктөрү); – Ар кандай аспаптардын үнүн таанып, айырмалап билүү; – Аспаптардын үй-бүлөсү (урулуштук, кагынды, үйлөмө); – "Аспаптар оркестри" оюну (ар кандай үн чыгаруучу буюмдарды колдонуу);

**Күтүлгөн натыйжа:** Окуучулар музыкалык аспаптарды таанып, алардын үнүн айырмалап, аларды колдонуу менен музыка жаратууга кызыгууну арттырат.

**3-чейрек**: "Ырлар дүйнөсү". Темалар: – Кыргыз элинин ырлары менен таанышуу; – Ырдын маанисин түшүнүү жана эмоционалдык маанайын билүү; – Ырды туура ыргакта жана таза үндө ырдоо; – "Ырдоо мелдеш" оюну (ырды туура ырдоо боюнча мелдеш).

**Күтүлгөн натыйжа:** Окуучулар ырларды жакшы ырдоо, ырдын маанисин түшүнүү жана музыкалык эстетикалык сезимдерин өнүктүрүү.

## I ЧЕЙРЕК. «Мектебим, мекеним музыкада жана таңды жаратуу (18 саат)


**Тема: «**Музыка эмне? Музыканын түрлөрү (ыр, музыка, ыргак) **(4 саат).**
***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Музыкалык дидактикалык оюндар. «Мектеп» темасынын негизинде аткарылган музыкалык чыгармаларды кайталоо. Өтүлгөн темалардын негизинде окуучулар менен диалог түзүү, маектешүү.
***Музыкалык материалдар:***
1. «Биринчи коңгуроо», музыкасы К.Эралиеваныкы, сөзү С.Рысбаевдики - уктуруу.
2.«Мектебим», музыкасы Б. Исаковдуку, сөзү И. Исаковдуку – үйрөтүү, аткаруу.
3.«Сабакта», музыкасы К. Молдобасановдуку — уктуруу.
4. «Китеп», музыкасы И.Аманбаевдики, сөзү А.Кадыровдуку – үйрөтүү, аткаруу, уктуруу.
5.«Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю. Фескинаныкы – уктуруу жана үйрөтүү, аткаруу.
6.Музыкалык дидактикалык оюндар.

**Тема: «Музыкалык үндөр менен таанышуу (бийик, төмөн, узун, кыска),** күз **келди» (6 саат).**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Музыкалык дидактикалык оюндар. Окуучулар менен «Күз» жөнүндө чыгармалар менен маек куруу. «Күз келди» теманын негизинде аткарылган музыкалык чыгармаларды кайталоо. Өтүлгөн темалардын негизинде окуучулар менен диалог түзүү, маектешүү.


***Музыкалык материалдар:***

1. «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю. Фескинаныкы – үйрөтүү жана аткаруу.
2. «Күзүндө», музыкасы К. Молдобасановдуку – уктуруу.
3. «Күздө», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү А. Токомбаевдики, «Жардам бердик», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү М. Жангазиевдики — үйрөтүү, аткаруу.
4. «Күзгү бакчам», музыкасы С. Айдаровдуку, сөзү Ж. Садыковдуку, «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю. Фескинаныкы – уктуруу.



# «МУЗЫКА»
## 1-класстар үчүн
## БОЛЖОЛДУУ КАЛЕНДАРДЫК – ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАН

| № | Тема | Сааты | Мөөнөтү | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | План боюнча | Атка-рылы-шы | |
| 1. | Музыка эмне? Музыканын түрлөрү (ыр, музыка, ыргак). «Мектеп» - уктуруу, үрөтүү: Музыкалык дидактикалык оюндар. | 2 | | | |
| 2. | «Мектеп» - аткаруу. Бул теманын негизинде аткарылган музыкалык чыгармаларды кайталоо. Аткаруу:....... уктуруу:....... Өтүлгөн темалардын негизинде окуучулар менен диалог түзүү, маектешүү. | 2 | | | |
| 3. | Музыкалык үндөр менен таанышуу, (бийик, төмөн, узун, кыска), күз келди. Музыкалык дидактикалык оюндар. -үйрөтүү................ | 2 | | | |



**5 класста — «Музыканын улуу күчү. Музыканын адамга тийгизген таасири».**

**I чейрек.** «Музыканын адамды өзгөртүүчү күчү», «Музыка – адамдын руханий дүйнөсү».

**II чейрек** **-** «Музыканын бириктирүүчү күчү», «Музыканын күчү эмнеде?»
**III чейрек -** «Музыкадагы образ»
**IV чейрек -** «Музыкадагы драматургия»

**АВГУСТ КЕҢЕШМЕСИНДЕ «МУЗЫКА» ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА МУГАЛИМДЕРДИН СЕКЦИЯСЫНДА ТАЛКУУЛООГО МАСЕЛЕЛЕР.**

1.**«12 жылдык билим берүүдө Музыка предметин окутуунун заманбап методикасы жана Жасалма интеллекти (ЖИ), музыкалык-компьютердик технологияларды колдонууда мугалимдин ролу»** аттуу темада тегерек стол.

2.Музыка предметинин заманбап методикасы: STEArtM жана функционалдык сабаттуулук.

3.Музыка предметин окутууда санариптештирүү маселеси: негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр.

4.Музыка сабагынын заманбап методологиясы жана баалоо системасы учурдун талабы.

5.Музыка мугалимдеринин музыкалык-компьютердик технологияларды, жасалма интеллекти (ЖИ) колдонуу,

6.Педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу маселелери жана келечеги.